| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУНУН<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП<br>ТЮПСКОГО РАЙОНА |
|---|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 28-ноябры **№88** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнө лизинг аркылуу 3 даана атайын техника алууга акча каражат бөлдүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун жетекчиликке алып жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлу № 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 1-пунктуна таянып, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышы токтом кылат:

**1.** "Түп муниципалдык коммуналдык-тиричилик чарбасы" мекемесине атайын техникаларды: көчөлөрдүн чаңын сордуруп тазалоочу чаң соргуч автомашинасын, муниципалдык көчөлөрдүн таштандыларын ташып чыгарууга жана жергиликтүү калкка кум, таш, топурак ташып кызмат кылуу үчүн жүк ташуучу автомашина жана таштандыларды төгүүчү жайды (полигонду) рекультивация жасоо үчүн каз тамандуу бульдозер тракторун лизинг аркылуу төмөнкү шарттарда алууга уруксаат берилсин:

1) Көчөлөрдү тазалоочу SHACMAN SX5185GXS8K401 моделиндеги чаң соргуч агрегаты бар 1 даана атайын автомашина:
   -30% өлчөмүндөгү акча каражатын Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
   -50% өлчөмүндөгү акча каражатын Түп райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
   -15% өлчөмүндөгү акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөөөгө макулдук берилсин.
2) Жүк ташуучу SHACMAN SX32558K354 моделиндеги самосвал 1 даана автомашина:
   -30% өлчөмүндөгү акча каражатын Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
   -50% өлчөмүндөгү акча каражатын Түп райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.
   -15% өлчөмүндөгү акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөөөгө макулдук берилсин.
3) Каз тамандуу LG160 моделиндеги стандарттуу формадагы 1 даана бульдозерге;
   - 30% өлчөмүндөгү акча каражатын Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
   - 50% өлчөмүндөгү акча каражатын Түп райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.
   -15% өлчөмүндөгү акча каражатын өлчөмүндөгү акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөөөгө макулдук берилсин.

**2.** Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 2025-жылдын 30-октябрындагы

"Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнө лизинг аркылуу 3 даана атайын техника алууга акча каражат бөлдүрүү жөнүндө"  №84-токтому күчүн жоготту деп табылсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышы Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновго милдеттендирилсин, көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**4.** Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**